**Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К. Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 12.20.614**

*Кол жазма укугунда*
*УДК 343.82(575.2)(043.3)*

**Ахматова Назира Искандарбековна**

# КЫРГЫЗСТАНДА МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИКТИН БЕКЕМДЕЛИШИ МЕЗГИЛИНДЕГИ САЯСИЙ – УКУКТУК РЕЖИМ

12.00.01– мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы

**Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн диссертациясынын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Жалал-Абад – 2021

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. А. Алтымышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык – саясий изилдөө институтунун бөлүмүндө аткарылган.

**Илимий жетекчи:** **Адамбекова Айлен Доктурбековна,** юридика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Э. А. Алиев атындагы Академиясынын №4 факультетинин илимий кызматкери

**Расмий оппоненттер**: **Кулдышева Гулсара Кенжеевна,** юридика илимдеринин доктору, профессор, Ош мамлекеттик униврститетинин юридика факультетинин деканы

**Абдикерим кызы Гулбарчын,** юридика илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик юридикалык институтунун магистратура бөлүмүнүн башчысы

**Жетектөөчү уюм:** Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы кафедрасы (720065, Бишкек ш., Чуй пр., 42).

Диссертация 2022-жылдын 27-январында саат 12.00дө Б. Осмонов атындагы Жалал-абад мамлекеттик университети, К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Кыргызстан эл аралык университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.20.614 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720000, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57.

Онлайн режиминде диссертациянын коргоосун көрсөтүүчү конференциясынын идентификатордук коду: https://vc.vak.kg/b/d_1-blr-xbj-xpb

Диссертация менен Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (720000, Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 57) К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети (720000, Жалал-Абад ш., Женижок көч., 30) жана Кыргызстан эл аралык университетинин (720007, Бишкек шаары, Л.Толстой көчөсү, 17А/1) китепканаларынан, ошондой эле ДКтин (http://www.jagu.kg) сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын «24» декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты** **Н.А. Пазылов**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Кыргыз эли өзүнүн эркин демократиялык өнүгүүсүн укукка негизделген жетишкендик жана мамлекеттик түзүлүш механизмдери менен биргеликте көрсөтө алган. Укук коргоочулук ишмердикти ишке ашырган органдардын иштешинин демократиялык режимин бекемдөөдө комплекстүү изилдөөлөр буга чейинки алган тажрыйбаларды эске алуу менен мамлекеттик бийликти бекемдөөдөгү алардын ролун ар тараптуу иликтөө менен байланышы үчүн зарыл, мамлекеттик аппараттык ретроспективдүү өсүшү, ошондой эле Кыргызстандын атайын шарттарында укук коргоо органдары үчүн да маанилүү.

Теориялык саясий-укуктук режимдин ролун теориялык жактан ойлонуштуруу, анын калыптандырууга болгон түздөн-түз таасири, мамлекеттик бийликтин орношу жана өнүгүшү укук коргоо органдарынын мындагы ролу коомдун өз алдынчалуулугун жана кыргыз элинин укугун чагылдырат. Анын башкы шарты – укуктук мамлекеттин түзүлүшү, мыйзамдардын ишенимдүү жана кепилденген системасы, республикада мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти камсыздоо.

Мунун башкы күчүнөн коомдук өнүгүүнүн ар түрдүү этаптарында укук коргоо органдарын үйрөнүү боюнча юридикалык илимдердин мааниси конкреттешет, ал укук коргоо органдарынын ишин түзүү жана өркүндөтүү боюнча өткөрүлгөн чараларды ар тараптуу ачууга, айрыкча Советтер бийлигинин алгачкы жылдарында башкаруунун формаларын жана методдорун кайрадан карап чыгууга жана талдоого өбөлгө болот.

Белгилеп кетчү нерсе, Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин орношундагы көптөгөн кыйынчылыктар революциянын идеяларын кабыл алууга калктын ар түрдүү катмарларынын иш жүзүндө даяр эместиги менен, андан мамлекеттик-укуктук режимди чындоого өтүшү менен түшүндүрүлөт, мында тийиштүү жоболор түзүлгөн ВЧК органдарына, юстицияга, сотторго, революциялык трибуналдарга, соттук тергөөчүлөргө, милицияга, прокуратурага жана башка репрессиялык-жазалоочу бөлүмдөргө бөлүнгөн.

Мындан улам, тарыхый планда укук коргоо органдарынын маңызын иликтеп жана аныктоо зарыл, анткени алардын астында төмөнкүлөр турган: юстиция органдары, прокуратура, сот акыйкаттыгын жүргүзгөн органдар, ички коопсуздуктун укук коргоо органдары (ИИМ, ички армия), тышкы коопсуздуктун укук коргоо органдары (УКМК), атайын кызматтар, адвокатура, кайтаруу бөлүмдөрү, нотариат жана башка түзүмдөр.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы демилгелүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Кыргызстанда мамлекеттик бийликти бекемделиши мезгилиндеги саясий-укуктук режимди комплекстик теоретикалык укуктук изилдөө түзөт.

Жогорудагы максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **негизги милдеттер** коюлду:

1. мамлекеттик органдардын ишмердигин ишке ашыруунун укуктук режимин калыптандыруунун укуктук негиздерине ретроспективдүү талдоолорду жүргүзүү;

2. совет бийлигинин алгачкы жылдарында мамлекеттик аппарат системасында укук коргоо органдарын иштөө режимин иликтөө;

3. өзгөчө мамлекеттик бийликтин ишин укуктук режимдин өзгөчөлүгүн аныктоо;

4. бийликтин өзгөчө органдарынын ишин укуктук режиминин өзгөчөлүктөрүн иликтөө;

5. мамлекеттин укуктук режимин бекемдөөдө Кыргызстандын милиция органдарынын ролун аныктоо.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы** биринчи жолу абдан көп сандагы илимий булактарды жана адабияттарды талдоого алуунун негизинде конкреттүү тарыхый жагдайларда Кыргызстандын укук коргоо органдарынын жана мамлекеттик аппарат системасынын орношу, калыптанышы жана өнүгүшүндөгү айырмаланган өзгөчөлүктөрүн объективдүү чагылдырууга аракеттер жасалды, ошондой эле аталган көйгөйдү иликтөө боюнча теориялык мүнөздөгү изилдөө болуу менен бирге мамлекеттик аппаратты бекемдөөнүн укуктук негиздерин өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштар жана корутундулар аныкталгандыгында турат.

**Изилдөөнүн тажрыйбалык маанилүүлүгү** саясий-укуктук режимди түзүү жана чыңдоо процесси жөнүндө иштелип чыккан теориялык жоболор жана мыйзамдарды заманбап шарттарда мамлекеттик бийликти бекемдөө процессинде анын укуктук базасы катары талдоого алуу Кыргызстан боюнча укук коргоо органдарынын калыптанышы боюнча жаңы маалымат жана материалдар менен билимдерди жана тажрыйбаны кеңейтет жана тереңдетет да, бул органдардын ишин жакшыртуу боюнча оң тажрыйба катары пайдаланууга мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Диссертациянын материалдары мамлекеттик бийликтин иштешинин саясий-укуктук режими боюнча маселелер тууралуу монография жазуу үчүн теориялык-практикалык база болуп берет; жогорку окуу жайлардын юридикалык дисциплиналар боюнча окуу процессинде пайдаланууга болот.

## Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:

1. Изилдөөдө мамлекеттин функцияларын ишке ашырууга багытталган мамлекеттин жана анын элементтеринин ар түрдүү формаларын изилдөөдө мамлекеттик укуктук методдордун комплексин үйрөнүп чыгуу зарыл,

анткени ал мамлекеттик бийликтин укуктук саясаты катары сыяктуу элементке ээ, анда укуктук идеология катары каралган милдеттерди көздөйт, т.а., укуктук көз караштар, принциптер, коомдун талаптары, ошондой эле ар түрдүү социалдык топтор. Үстөмдүк кылып турган позицияда укук коргоо ишмердигин изилдөөдө коомдун саясий системасын кароо талап кылынат, анткени бул жерде мамлекет анын курамдык бөлүгү катары, укуктук саясаттын субъектиси катары чыгат.

2. Жүргүзүлгөн анализ төмөнкүлөрдү көрсөттү: мамлекеттик-укуктук саясат саясий-укуктук режимди бекемдөөдө советтик бийлик тараптан камсыз болуп, каралып жаткан мезгил ичиндеги шарттарда чарбалык милдеттерди чечүүдө укуктук тартиптин мыйзамдуулугун жана сактоону чыңдоо үчүн зарыл болгон жана ал жарандык-эмгектин мамилелер чөйрөсүндө мажбурлоо методдорун колдонуу менен сыпатталат, булар менен бирге кылмыштык артынан кубалоо, адамдын жеке жашоосуна кийлигишүү, класстык кызыкчылыктардын үстөмдүк кылышы менен коштолгон

3. Совет бийлигинин башында колдонулган көптөгөн актылар декреттер, токтомдор, жоболор, революциялык кеңештердин буйруктары деп аталып, саясий мүнөздөгү өзүнүн векторуна ээ болгон деген корутундуга келүүгө болот. Андан ары жаңы мыйзамдык документтерди иштеп чыгууда революциялык укуктук аң-сезимге, революциялык максаттуулукка революциялык мыйзамдуулуктун көрүнүшүнүн формалары катары аларды көбүрөөк жетекчиликке алышкан.

4. Укук коргоо органдарын жана алардын укуктук жоболорун мамлекеттин ар кандай динамикада өнүккөн жана татаал мезгилдерине аргументтешкен (граждандык согуш жана социализмдин негиздеринин курулушу), булардын баары пролетариаттын диктатурасы жөнүндө лениндик концепциядан келип чыккан. Революциядан кийинки биринчи жылдары укук коргоо органдары деталдуу укуктук жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүнө, принциптерине жана багыттарына ээ болгон эмес. Болгону укуктук жактан бекемделбеген революциялык принциптер гана болгон. Укук коргоо органдары иштеши үчүн укуктук режимди түзүүдөгү негизги ролду совет бийлигинин айрым актылары аткарган: ВЦИК, СНК, НКВД, НКЮ жана башка айрым ченемдер.

5. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр революциядан кийинки жылдары (граждандык согуш маалында) алгачкы тергөө жүргүзүү укугу сот органдарына берилгендигин көрсөттү, алар өздөрү да принциптерди бузушкан, негизинен соттор менен тергөө иштеринин функционалдык жактан бөлүнүшү сакталууга тийиш болчу. Андан ары дээрлик бардык укук коргоо органдары жана алардын иши прокуратуранын көзөмөлүндө калган.

Тийиштүү укуктук жөнгө салуунун жоктугу сот органдарынын көп түрдүүлүгүнө алып келген: ревтрибуналдар, элдик соттор, тынчтык соттору, административдик соттор, алар борборго толугу менен баш ийген соттор жөнүндө декреттерди ишке ашыруунун натыйжасында келип чыккан. Мында бийликтин диктатурасынын өнүгүшү үчүн негиздер салына баштагандыгын байкоого болот. Соттордун айырмаланып турган өзгөчөлүгү – алар башка укук коргоо органдарына караганда көбүрөөк билимдик деңгээли жогору болуп, ревтрибуналдарга жана соттон тышкаркы өзгөчө комитеттер органдарынан айырмаланып, жумшагыраак жазалоочу мүнөзгө ээ болушкан, ал эми тигилерге абдан катаал методдор таандык болгон.

6. Ревтрибуналдарды бийликти коргоонун куралы катары түзүлгөндүгүнө мамлекетте ошол мезгилде болуп жаткан социалдык өзгөрүүлөргө шайкеш келтирүү аракеттери жүргөн деген негизделген корутунду чыгарууга болот. Анткени алдын ала тергөөлөрдө процессуалдык ченемдер көпчүлүк учурларда бузулган. Андан кийин трибуналдар репрессиялоодон өтүп, укуктук сот акыйкаттуулугу менен алектенген аскердик-соттук органдарга айланышкан.

7. Жаңы тарыхий шарттарда революциялык мыйзамдуулукту бекемдөө боюнча негизделген жыйынтык, болуп жаткан укук бузууларга карата жооп болгон жана көпчүлүк органдар өздөрүнүн функцияларынан тышкары башка функцияларды да камтыган ошондой эле мыйзамдарды так аткарууну көзөмөлдөө талабына ылайык прокуратура түзүлгөн, ал жерде айыптоо жана көзөмөлдөө ыйгарым укутары топтолгон, кийинчиреек тергөө функциялары да берилген.

8. ВЧК түзүлгөн күндөн тартып мамлекеттик кылмыштуулук чөйрөсүндө чеги жок өзгөчө ыйгарым укуктарга ээ болгон, контрреволюциялык каршылыктар, саботаж сыяктуу мамлекеттин коопсуздугун камсыздоо боюнча органга айланган. ВЧК органдары бүткүл өлкөнүн жарандык жана аскердик мекемелеринин түзүмдөрүн көзөмөлгө алып, партиялык органдарга тийиштүү да тиешеси жок да өздөрүнүн кароосу менен чечилген камоолорду, тергөөлөрдү жүргүзө башташкан, өкүмдөрдү чыгарып, анын аткарылышын көзөмөлдөп, массалык атып өлтүрүүлөрдү жүргүзгөн. Террор жана мыйзамсыздык мамлекеттик-укуктук саясаттын жана режимдин бир бөлүгү болуп калган.

9. Милициянын курамы ыктыярдуу негизде түзүлсө да, жергиликтүү бийлик органдарындагы кызматтардын тартибин жана материалдык камсыздалышына олуттуу таасирин тийгизип турат, а граждандык согуш жылдарында милициянын курамын топтоо согуштук мезгилдеги мыйзамдар боюнча жөнгө салынган. Бул мезгилге милициядагы алгачкы “тазалоо

иштери” да кирет, анын негизин класстуулук жана саясий ынанымдар принциптери түзөт. Милиция куралчан эмгекчилерди калыптандыруу сыяктуу түзүлүп, класстык орган катары түптөлгөн.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** диссертациялык изилдөөнүн илимий жыйынтыктарын, корутундуларды жана жоболорду изилдөөчү жеке өзү иштеп чыккан.

**Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын апробациялары** тегерек столдордо, конференцияларда докладдар менен жана алынган жыйынтыктарды жана жоболорду КР ЖАКтын тизмесине кирген илимий жыйнактарда жана журналдарда жарыялоо процесси менен ишке ашырылды. Ошондой эле бул натыйжалар КР ИИМдин Академиясында мамлекет жана укуктар теория боюнча окуу процессинде жана укук коргоо органдарында пайдаланылды.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жарыялоолордо чагылдыруунун толук кандуулугу.** Изилдөөчү тарабынан алынган изилдөөнүн корутундулары, жоболору жана натыйжалары 10 илимий публикацияда жарыяланды.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү** талаптарга ылайык келет, жана ал киришүүдөн, сегиз бөлүмдөн турган үч баптан, тыянактардан, практикалык сунуштардан жана диссертациялык изилдөөлөрдө колдонулган булактардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө изилдөөнүн актуалдуулугуна жана илимий жаңылыгына токтолот, изилдөөнүн алдына коюлган иштин максаттарын жана милдеттерин чагылдырат, иштин практикалык маанилүүлүгү жана коргоого чыгарылып жаткан негизги жоболор мүнөздөлөт, ошондой эле изилдөөчүнүн жеке салымына басым жасалат, акырында изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы көрсөтүлөт, диссертациянын жыйынтыктарынын публикацияларда чагылдырылышы жөнүндө маалыматтар берилет, диссертациянын түзүлүшү жөнүндө маалыматтар ачылат.

**Биринчи бап – «Кыргызстандагы мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндөгү саясий-укуктук режимдин бекемделишинин укуктук негиздери»** деп аталып, үч бөлүмдөн турат.

*Биринчи бөлүмүндө* «Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин бекемделүүсүнүн шарты катары болгон демократиялык режимдин туруктaлуусун изилдөөнүн методологиясы», бул теманы изилдөөнүн концепциясы болуп тышкы факторлорду, анын ичинде укуктук тартипти чагылдыруунун керектиги саналат, алар мамлекеттик аппараттын ишине жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышынын каралып жаткан жылдарында

бул тартипти бекитүүдө мамлекеттик аппараттын ролуна таасирин тийгизүүдө. Мында тарыхый-укуктук методду колдонууда көңүл бардык органдардын маалыматтарын ачууга бурулат, алардын ишмердүүлүгүнүн негизги багыты укуктук тартипти жана мыйзамдуулукту бекемдөө менен байланышкан, алардын ишмердүүлүгүн укуктук формасы, алар колдонгон атайын ыкмалар процессуалдык талаптарды бузууга жол бербей, мамлекетте орнотулган жалпы укуктук тартипти сактап турат. Мамлекеттик бийлик менен укуктук тартиптин өз ара байланышынын бекемдеши жөнүндө, ошондой эле мамлекеттин саясий кызыкчылыктарынан улам келип чыккан өзүнүн маселелерин ишке ашырган улам-улам жакшырып турган укук коргоо ишмердүүлүгү жөнүндө баяндалат. Мында укук коргоо ишмердүүлүгү мамлекеттин саясатынын уландысы болуп, мамлекеттик бийликке негизделет да, укуктук тартиптен көз каранды болот.

Белгилей кетчү жагдай, укук коргоо системасын бекитүү маселелери юристтердин арасында талкууланып, бул темага атайын арналган эмгектерде чагылдырылды, анда мамлекеттин системасынын элементтери болуп чыккан органдардын маңызы менен орду көрсөтүлөт *[Угольникова, И.В. Правоохранительные органы: Учеб.пособие. М.: ПРИОР, 2005],* алардын мамлекеттик механизмдеги өзгөчө ролу анализденет *[Правоохранительные органы Российской Федерации: Учебник. М.: Спарк, 1996. С.9.].* Айрым авторлор демократиялык тартиптин өнүгүшүндө «полиция органдарына репрессиялык – жаза аткаруучу аппарат сыяктуу өзгөчө роль ыйгарып, ага ылайык бийлик, статус берүү» керектигин белгилешет. Милиция, башка органдардай эле, демократиялык тартипти бекемдөөгө чакырылары белгиленет *[Нижник, Н.С., Ахмедов, Н.С. Правоохранительная система государства: дифференциация структурно-функциональных элементов // История государства и права, 2008, №9].*

Иште укук коргоо системасы тууралуу талаш-тартыштуу ой-пикирлер келтирилет, бул жарандардын корголушундагы жана укуктук тартипти камсыздоодогу алардын маанилүүлүгүн аныктайт. Укуктук режимди бекемдөөдө жана маселелерди ишке ашырууда укук коргоо органдарынын позициясы маанилүү. Негизи, конституциялык ченемдер мамлекеттик органдарга аталган функцияны аткарууну ыйгарат. Мындан сырткары, жарандар өз кызыкчылыктарында тийиштүү органдардан ыйгарым укуктарынын аткарылышын талап кылып, өздөрүнүн укуктарын ишке ашыруу боюнча мыйзамда көрсөтүлгөн мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ошондой эле иште таасир этүүнүн юридикалык чараларын колдонуу менен укуктарды коргоого максатталган регламентациялык мыйзамдуулукка ылайык укук коргоо органдары жана алардын ишмердүүлүгүнүн багыты каралат. Белгиленгендей, Кыргыз Республикасында демократиялык режимди андан ары ишке ашырууда, инсандын жана мамлекеттин кызыкчылыктарын

коргоону аткарууда укук коргоо органдарынын ролуна анализ жүргүзүүнүн зарылчылыгы чоң. Биздин изилдөөнүн методологиясына караганда, учурдагы мыйзамдарды коргоо – юридикалык жактардын мүлктөрүнүн формасына карабастан, индивиддердин кызыкчылыктарынын мыйзамына негизделген саясий – укуктук тартипти бекемдөөнү жеке вектору катары карайт. Мында укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндө мамлекеттин өзгөчө функциясын атайын ыйгарым укуктуу органдар ишке ашырат.

*Экинчи бөлүмдө* «Мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндөгү саясий – укуктук режимдин калыптанышынын укуктук негиздери» мамлекеттин бийлигинин калыптануу жана бекитүү мезгилдери, укуктук тартипти жакшыртуу, кылмыштуу көрүнүштөргө каршы күрөшүү боюнча адистештирилген органдардын багыттуулугунун түзүмдүк-уюштуруучулук өнүгүшү каралат.

Мында мамлекеттүүлүктүн калыптанышына, түзүлүп жаткан органдардын ишин калыптандырууда уюштуруучулук-укуктук методдорду жана стратегиялык формаларды издөөгө байланышкан кыйынчылыктар иликтөөгө алынат, алгачкы укуктук актылар качан кабыл алына баштаган, алардын вектору катары Советтердин жаш мамлекеттеринде коомдук мамилелерди жөнгө салуу алынат. Ыкчам түрдө кабыл алынган мыйзамдардын, декреттердин жана нускамалардын артынан милиция органдары башаламан тартипте түзүлө баштаган, алар кылмыштуулук менен иштөөнүн методдорун жакшыртуу максатында, анын ичинде контреволюциялык максатта өзүнүн ички-структуралык уюшкандуулугун өзгөрткөн.

Мындай тарыхый шарттарда мамлекеттик-аскердик саясат режими мезгилинде бирдиктүү башкарууну ишке ашыруу үчүн борбор түзүү талап кылынган. Бул органдын атайын багыты бар – ал укуктук тартипти камсыздоо. Ошентип милициянын биринчи отряддары түзүлөт, ал НКВДнын куралдуу түзүмдөрү болуп саналат, алар декреттерди жана кайрадан түзүлгөн өкмөттүн саясатынын чараларын ишке ашырууга жардам берген.

Буга окшогон органдар кылмыштын чыгышына жараша, коомдук тартипти сактоо боюнча, Кыргызстанда да түзүлгөн, алар андан ары бекемделип, бөлүмчөлөрдү түзүүнүн эсебинен ириленип, аталган органдын ишин башкаруу менен (нускамаларды даярдоо, ишмердиктин саясатын аныктоо, буйруктарды чыгаруу, аппаратты уюштуруу ж.б.у.с.) катар техникалык да жабдуулар менен (кармап турууга смета түзүү, кийиндирүү, ревизия жүргүзүү ж.б.у.с.) да алектенген. Ошентип, мамлекеттик-укуктук режимдин калыптанууну камтыган процесс укук коргоо багыттуулук маселелерин көтөргөн, милиция органдарынын аныктоонун, алардын структураларын түзүүнүн (темир жол, өнөр жайы, транспорттук ж.б. милициясы) зарылдыгын белгилеген, анткени ал укуктук тартип органы

болууга тийиш, алардын ишинин стратегиясын жана формаларын калыптандыруу, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү издөө (ички кайтаруу аскерлерин өнүктүрүү) жана коомго кооптуулукту жараткан кылмыштуулукка каршы күрөшүү түзөт. Муну менен бирге коопсуздукту камсыздоо, көптөгөн органдардын ишинин багыты катары так ажырымдыктары жок болгон, мунун айынан функциялардын кайталанышы келип чыккан. Булар менен катар жоюунун ордуна адвокатура, соттор сыяктуу жаңы органдар түзүлгөн, алар функцияларды аткарууга даярдыктары жок болуп, укуктук билимдеринин өтө төмөндүгү менен айырмаланган, албетте элдин арасынан чыккан өкүлдөр тийиштүү билимдерге ээ болгон эмес.

*Үчүнчү бөлүмдө* «Укук коргоо органдары Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы мамлекеттик аппараттын системасында: ишмердүүлүк режими» мамлекеттик – укуктук режим бийликтин алгачкы этаптарында, ошол мезгилде бардык тармактарда болуп жаткан кризис мамлекеттик аппараттын тез арада биригишине түрткү болгону белгиленип кеткен.

Ушул мезгил граждандык согуштун аякташы, андагы ”саясий коммунизмге” терс пикирин коомдун бардык каттамдары билдирип, ачык айтып чыгышкан. Борбордук Азия, анын ичинен Түркменистан совет бийлигинин каршылаштары: АКШнын айрым топтору, Англия жана Франция, ошондой эле мурдагы офицерлер, саясий партиялар жана жергиликтүү интеллигенция өкүлдөрү менен болгон чечүү салгылаштын негизги жери болгон. *[Исманов, Т.К. Правоохранительные органы Кыргызстана в годы гражданской войны // Вестник КРСУ. - Т.10. №4. - С. 49-53.]*.

Мындай туруксуз жагдайда бийлик өздөрү өкүм чыгара турган укук коргоо органдары, аскердик трибуналдар, жазаларды аткаруу органы сыяктуу органдары түзөт. *[Известия ВЦИК. 1922. 8 августа.].* Баса белгилеп кетчү жагдай, экономикалык саясат жана тартип коргоону бир нормага түшүрүп, чыңдоо менен соттук реформанын жаңы этабы башталды. Соттук реформа соттордон тартып, юстицияга чейин өз көзөмөлүнө алды. Андан кийин соттук органдар түзүлүп, иштерди кароо, мыйзам ченинде иштеген көзөмөл органдары (прокуратура), коопсуздукту камсыздаган кызматтар жана чет элдик атайын кызматтар боюнча инстанциялык система иш кирди. Ошол эле учурда укук коргоо системасындагы реформалар жана түп-тамырынан бери өзгөртүүлөр мыйзамдарды коддоштурууга карата өзүнүн катнаштарына ээ болгон.

**Экинчи бап «Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы мамлекеттик бийликтин атайын органдарынын ишмердүүлүгүнүн укуктук режими»** үч бөлүмдөн турат.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп, мамлекеттик бийликтин органдарынын жана укук коргоо органдарынын өз ара мамилеси эсептелет, ал алардын

диалектикалык өз ара байланышынын мүнөздөрүн жана маанисин аныктоого багытталган.

**Изилдөөнүн предмети** Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин саясий-укуктук режими жана анын калыптануусунун жана бекемделүүсүнүн социалдык шарттары түзөт, тактап айтканда, саясий-укуктук директивдер жана актылараркылуу соттор, прокуратуралар, өзгөчө кырдаалдагы органдар, ошондой эле, мамлекеттик бийликтик органдар менен укуктук өз ара аракеттенүүнүн механизминин ишмердүүлүгү.

**Изилдөөнүн методдорун** Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин бекемдөө мезгилиндеги саясий-укуктук режимдин теориясынын жана практиканын өз ара байланышын камсыздоону чагылдырган, таануунун диалектикалык методунун негизги жоболору түзөт, изилдөөнүн мазмуну жана формалары, философиянын жалпы мыйзамдары жана категориялары, ошондой эле, жалпы теоретикалык жана атайын юридикалык адабияттардан алынган, ушул диссертациялык темага байланыштуу алынган билимдер мамлекеттик жана укуктун теорияда калыптанып калган тарыхый процесстерди изилдөөнүн методологиясы маселени обьективдүү, ар тараптуу изилдөөдө, тарыхый системалык, түзүмдүк-функционалдык, салыштырмалуу, социалогиялык, статистикалык жана башка методдорду пайдаланат. Булардын ар биринин колдонушу, диссертацияда ачылып жаткан изилдөө милдеттеринин маңызы жана мүнөзү менен ошондой эле коомдук өнүгүүсүнүн обьективдүү мыйзамдарынын таасири менен шартталган.

*Биринчи бөлүмдө* «Мыйзамдуулукту жана укук тартипти бекемдөөдөгү советтик сот органдарынын ролу» – атайын багытта түзүлгөн органдар, калк менен иштөөдө мамлекеттин бекемделишине, анын укуктук тартибине, көмөктөшүүгү, мамлекеттин атынан спецификалык багыттагы ишмердүүлүктү жүзөгө ашырышы жөнүндө айтылат.

Иште жетектөөчү жобого ылайык, тандалып алынган соттордун түзүмү жана уюштурулушунун тажрыйбалары каралат, ага жынысына карабастан эмгектенип жаткан адамдар катыша алган. Ошону менен катар сот мыйзамдарды, революциялык ар намысты жана социалдык аң сезимди жетекчиликке алышы керек. *[Полянский, Н.П. Первые страницы советской науки о суде// Правоведение. - 1957. - №1. - С.107.].*

Соттордун ишмердүүлүгүнүн укуктук базасын түзүү менен, соттордун алдындагы соттук палатанын, тергөөчүлөрдүн жана адвокаттардын институттарынын эски системасы жоюлган апелляциялык даттануулардаы жокко чыгарган, кассациялык өндүрүштөр түзүлдү, иштин соттуулугун, соттук процесстерге жөнөтүү боюнча жаңы эрежелер жана талаптар киргизилди. Соттордук аныктамалары жана жарлыктары, тергөөчүлөрдү текшерүү, иликтөөлөрдү дайындоо жана токтотуу, ишти кимге берүүнү аныктоо, ишти токтотуу, ошондой эле өндүрүштү токтотуу укугу берилди. Соттордун практикалык ишмердүүлүгүн жалпылоо менен соттордун жамааттык жана укуктук чыгармачылыгын кеңейтүү принцибин иштеп

чыгуу, Кеңештин башкаруу түзүмү менен соттук органдардын жакындатуу мүмкүндүгүн түздү. Азыркы учурда соттук кызматта иштөө үчүн теориялык билим жана иш тажрыйба өтө маанилүү. Соттор ар кандай категориядагы жана оордуктагы иштерди карашкан, ага ревтрибуналдар тарабынан чечиле турган иштер кирген эмес.

Соттордун реформасы жазаларды аткаруу системасына да таасирин тийгизген, алсак, коомчулук тараптан шарттуу түрдө уяткаруу, милдеттүү (мажбурлап) эмгекке алмаштыруу менен коомдон таптакыр ажыратып бөлүп салуу, жолдоштук сотторго материалдарды өткөрүп берүү, шарттуу кесүү сыяктуу түрлөрү кирип, коомдук жазалоонун мүнөзү өзгөргөн. Ошентип, соттордун бирдиктүү системасын түзүү, сот өндүрүшүнүн принциптерин иштеп чыгуу жана укуктук акыйкаттуулук мыйзамдуулуктун демократиялык негиздерин киргизген, укук коргоо органдарынын түзүү, ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу, шарттуу жазалоону практикада өнүктүрүү, коомчулукка тартуу (жарандык коомдун укуктук аң-сезимин күчөтүү) үчүн укук бузган жана башка жорук кылган күнөөлүү адамдарга тарбиялык таасир этүү сунушталган.

*Экинчи бөлүм* «Бийликтин өзгөчө органдарынын ишмердүүлүгүнүн укуктук режиминин өзгөчөлүктөрү» жаңы бийлик органын түзүү процесси эски репрессиялык, анын ичинде укук коргоо органдарын да жок кылат деп божомолдонгон. Иште ревтрибуналдарды түзүүнүн тарыхый шарттарына өзгөчө көңүл бурулат, алар большевиктик бийликтин өзгөчө органдары болуп саналып баштапкы этапта материалдардын (саботаж, контрреволюциячыл, бейбаштык, талап-тоноочулук, шпионаж, талкалоо жөнүндөгү) айрым тизмесин карап, алар боюнча жазаларды аныкташкан, барып-барып алардын ыйгарым укуктары кеңейген жана алар бардык категориядагы иштерди карай башташкан.

Ревтрибуналдар революциялык тартипке каршы чыккан адамдар менен күрөшүүгө багытталган, алар жазаны, айыптан баштап, коомдун ишениминен чыгуу жана эркиндигин чектөөгө чейин беришкен. Ошону менен бирге, мамлекет боюнча түзүлгөн бардык ревтрибуналдардын түзүмдүк бөлүктөрү сотторду түзүүдөн мурун, революциялык укуктук аң сезимди жетекчиликке алып, укук бузууларды алдын алуу, издөө, изилдөөлөрдү жүргүзүү менен алектенген.

Белгилей кетчү нерсе, ревтрибуналдар (кийинчерээк аскердик трибуналдардын функциясын аткарган) өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө, иштерди кароо менен ошол жер-жерлерде сотторду түзүүгө бардык шарттарды түзүшкөн, ошону менен бирге тездетилген соттук өндүрүштү колдонуу, жазаларды ыйгаруу айрыкча репрессиялык максатты көздөгөн мүнөзгө ээ болгон. Убакыттын өтүшү менен, аскердик-аракеттер токтотулган кезде, кайра түзүү мезгилинде, аскер үчүн трибуналдар аскердик сотко өскөн.

Прокуратура түзүлгөнгө чейин аскердик трибуналдар көзөмөлдөө органы катары эсептелген жана тергөө органдарын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырган.

Диссертациялык иште ревтрибунал менен катар пайда болгон (ВЧК, ар түрдүү комитеттер, комиссиялар, милиция) башка органдар да талдоого алынат, алар соттук практиканы жүзөгө ашыруучу, сот органына эч кандай тиешеси жок болсо да, адамдарды камоо укугуна ээ болгон жана лагерлерге, анын ичинде концентрациялык лагерлерге да жөнөтүп турган. Мындан ары ошол органдардын өзгөчөлүктөрү жана маңызы жана алардын тарыхый миссиясы каралат.

*Үчүнчү бөлүмдө* «Кыргызстанда саясий-укуктук режимди түзүүдө прокуратуранын ролу»– деп аталып, прокуратура мамлекеттик-укуктук режимдин түптөлүшүнүн ар түрдүү этаптарында тарыхта иерархиялуу түзүлгөн орган болуп саналат, ал бийликтин көзөмөл органынын белгилүү бир циклдүүлүгүнө ээ экендиги каралат.

Иште аталган органдын түзүлушүнүн этаптары иликтенип, революциядан кийинки мезгилде жоюлушунун себептери жана көзөмөлдөө функцияларынын башка органдарга өткөрүлүп берилиши талдоого алынат, анын ичинде юстиция саясий режимдин алмашуусунда көбүрөөк прокурордук ыйгарым укуктарды алып жүргөн, качан гана кылмыштуулук менен күрөштө аталган органга көзөмөлдөөнүн мыйзамдуулугу жүктөлгөн. Жерди аныктоо жана бийликтин структурасында кимге караштуу болору боюнча, жергиликтүү органдардын мыйзамсыз чечимдерине каршы чыгууда, ошондой эле мыйзамдардын аткарылышына көзөмөлдүк кылуунун чектеринде тарыхый кайчы пикирлер жаралган. Прокуратураны, анын көзөмөлдөөчү ишин бекемдөө мезгилдери, мыйзамдардын бардык органдар, уюмдар жана жеке адамдар жактан сакталышы, контролдоочу функциялар алгачкы тергөө жана тергөө-иликтөө органдарына берилиши, айып тагууну кармап туруу, кармалган адамдын камакта болушунун тууралыгы ж.б. каралат.

**Үчүнчү бап «Кыргызстандын милиция органдарынын жана мамлекеттик коопсуздук органдарынын ишмердүүлүгүнүн укуктук режими жана алардын мамлекеттик бийликти бекемдөөдөгү ролу»** эки бөлүмдөн турат.

*Биринчи бөлүм* «Кыргызстандын милиция органдарынын мамлекеттин укуктук режимин бекемдөөдөгү ролу» деп аталып, милиция органдарынын түзүлүшү жандармерияны жок кылуу жана бийликтин орношуу мезгилине туш келгендиги, ошондой эле милициянын отряддарын жана башка жумушчулар менен дыйкандардын укуктук тартипти кармап туруу боюнча жардам көрсөтүүчү түзүмдөрү түзүлгөндүгү каралат. Бул мезгилде органды түзүүнүн кыска мөөнөтү талап кылынган, ал орган революциялык

жеңиштерди коргоо, укуктук тартип маселелерин менен алектенүүгө тийиш болгон.

Буга байланыштуу милиция башынан баштап жергиликтүү Кеңештердин астында түзүлгөн, ошондуктан ар түрдүү мүнөздөгү милдеттерди аткарып келген. Кылмыш иликтөө органдары милициялык иштердин өзүнчө багыты катары НКВДнын алдында тузулгөн, алар өз алдынча көрсөтмөлөрдү, буйруктарды чыгарып, ревизияларды жүргүзгөн.

Иште милициянын ретроспективдүү өсүшү жана милициянын өз алдынча мамлекеттик органга айланышы да иликтенди, укуктук тартиптин милдеттерди аткарууда ар башка кылмыштык көрүнүштөр менен күрөшүү, айрыкча Совет бийлигинин биринчи жылдары контрреволюциячыл көтөрүлүштөр жана каршылыктар иликтенди.

Милициянын уюштуруучулук-укуктук түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр параллелдүү түрдө жүрөт, анда мамлекеттик өнүгүшүндөгү айрым жылдары Кеңештер ар түрдүү түзүмдөрдүн, анын ичинде жергиликтүү Кеңештердин, аскердик армиянын бириктирген буйруктарынын, карамагында турган.

Милициянын статусун жана ишмердигин укуктук жактан жөнгө салууну активдүү калыптандыруу байкалды.

*Экинчи бөлүмүндө* «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн саясий-укуктук режимин бекемдөө мезгилиндеги мамлекеттик коопсуздук органдарынын ролу» органдарды калыптануусуна талдоолор жүргүзүлүп, негизги багыттары катары мамлекеттик-укуктук режимдин бекемделүү этаптарындагы мамлекеттин коопсуздук маселелери каралат. Милицияны башкарууда СНКнын алдындагы бириккен саясий башкаруудагы түзүлүштү карайт, ал мамлекеттик коопсуздук системасынын органдарын чыңдалышына мүмкүндүк берет. Муну менен бирге бул жаатта жүргүзүлгөн тазалоолор, анын ичинде мамлекеттик коопсуздук органдары да, кызматкерлердин билимдери да, көндүмдөрү да жоктугунан жалпысынан уюштуруучулук ишмердигин начарлатты.

Иште атайын кырдаал каралып, иликтөөгө алынып, органдардын бирдиктүү коопсуздук системасына бириктирүүгө чакырат, ал жаш мамлекеттеги коомдук мамилелердин турукташтыруу мезгилинде, укуктук тартипти орнотууда, коомдук кооптуу иштерди алдын алууда зарыл болуп эсептелет, ошондой эле мамлекеттик коопсуздук органдарын түзүүнүн маанилүүлүгүн ачат.

## КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн изилдөө процессинде төмөнкүдөй негизги корутундулар иштелип чыкты:

Кылмыш-аткаруучулук чөйрөдөгү кайра курулуулар Кыргыз Республикасынын кылмыш саясатынын логикалык уландысы болуп саналат, анда пенитенциардык системанын жазаларды өтөөнү гумандаштыруу менен тыгыз байланыштары жана алардын мамлекеттүүлүктү бекемдөөдө

чагылдырылышы баса көрсөтүлөт. Биздин коомдун өзүнүн өнүгүшүнүн жаңы фазасына кириши менен, азап чектирип кыйнаган өткөөл мезгилдин – тоталитаризмден жаңы коомго өткөн, реалдуулугун чагылдырат, анын мүнөзүн азыр коом таануучулар ар түрдүүчө аныкташат: “улуттук-мамлекеттик кайра түзүлүш”, “мамлекеттик көз карандысыздык”, “улуттук кайра жаралуу” ж.б.у.с. мунун ичинде укуктук мамлекет, мыйзамдар системасынын ишенимдүү жана кепилдиктеги иштеши, республикада укуктук тартипти жана мыйзамдуулукту камсыздоо – анын милдеттүү шарты болуп саналат.

Ушул иште көрүнүп тургандай, саясий-укуктук режимди бекемдөөгө ар түрдүү факторлор жана органдар таасирин тийгизет. Айрым жерлерде бийлик кээде ар түрдүү партиялардын колуна өткөн, ага карабастан, большевиктер партиясы аларга каршы тура алган, андан кийин аларды контрреволюциячылар деп жарыялашкан. Тилекке каршы, саясий оппоненттерди көз карашын татыктуу баалай албагандык, аларды укпоо, компромисттик чечимдерди таба албоочулук жарандык согуш жылдарында кыйноонун эң орой, одоно формаларын колдонууга алып келген, айрыкча Сталиндин жеке керт башына сыйынуучулук, мамлекеттин өнүгүшүнүн теориясына жана практикасына оңолгус зыян келтирген.

Белгилеп кетчү нерсе, саясий-укуктук режимди бекемдөөгө социалисттик коомдун ашыкча идеалдаштырып жиберүү айрыкча терс ролун тийгизген. Тоталитардык режим кыйрагандан кийин гана мамлекет биз тандап алган теманы терең, объективдүү изилдөөгө алынганы байкалды. Демократиялык тенденциялардын жана тийиштүү институттардын жоктугу шарттарында жана каралып жаткан доордогу түзүлгөн аскердик-саясий кырдаал жашоонун бардык чөйрөлөрүндө, бирдиктүү борбордон аппараттын структурасынын жана ишмердигинин формаларынын биримдигине чейин жетекчиликти ишке ашырууну талап кылууда. Дээрлик бардык укук коргоо органдары жана башкаруунун жергиликтүү бөлүмдөрү Совет өкмөтүнүн декреттерин жана жергиликтүү Кеңештердин буйруктарын жашоого киргизүүдө советтик мекемелерге көмөк көрсөтүшөт.

Укук коргоо органдарын түптөөнүн негизги идеялары укук коргоо органдарынын укуктук жөнгө салынышын камтыйт да, мамлекеттин ишиндеги адистештирилген багыт катары каралат, бул укуктук тартипти тургузуу, укук корго түзүмдөрүн уюшкандыкта камсыздоо менен байланышкан. Мунун баары укук коргоо функцияларын ишке ашыруу укук коргоо органдарынын компетенцияларын бекемдөө, алардын ишмердигинде ченемдик-укуктук жактан спецификалуу методдордун легитимдүүлүгүн камсыздоо жана укуктук тартипти кармап туруу үчүн маанилүү.

Укуктук тартип органдарын түзүү жана чыңдоо граждандык согуш жылдарында татаалдашкан жана ал Түркестандын узак убакытка чейин согуштук аракеттердин театры болуп саналгандыгы менен түшүндүрүлөт. Контрревлюциячыл каршылыктардын бири катары басмачылык эсептелет, алардын башында жергиликтүү буржуазия турган. Милиция борборлоштуруу принциби боюнча түзүлгөн жана ошол кезде согуштук мезгилдеги мыйзамдар

боюнча аскердик абал киргизилген. Контрреволюциячыл күчтөрдү басуу үчүн атайын куралдуу түзүлүштөр жаралган – өзгөчө багыттагы бөлүктөр, ыктыярдуу милициялар отряддары, булардын катарына эмгекчилер, дыйкандар кирген. Юстиция органдарында соттук өндүрүштөрдүн эки бутагы түзүлгөн: революциялык трибуналдар жана элдик соттор. Революциялык трибуналдардын болушу контрреволюциячыл күчтөргө каршы күрөшүү жагдайына карата пайда болуп, кыска мөөнөткө уюштурулган. Граждандык согуш бүткөндөн кийин бардык укук коргоо системаларында реформаларды жүргүзүү талап кылынган, прокуратура жана адвокатура бекитилген. Сот органдарында реформаларды жүргүзгөндөн кийин 1922-жылы юстиция органы биротоло түзүлөт.

Белгилеп кетчү жагдай, биздин изилдөөлөрдүн чегинде мамлекеттин укук коргоо ишмердиги укуктук колдонуу формасы катары каралды, бул аткаруу бийлигинин структураларында иштейт жана укук коргоо органдарынын спецификалуу функциясы катары каралат, ал эми бул бийликтин органдарынын өзүнүн мыйзамдарды аткаруусун катуу талап кылат. Укук коргоо органдарынын орнотуунун жана иштешинин базасына таптык принцип салынган; командалык-административдик системалар үчүн “шарттар” түзүлгөн, укук коргоо системаларынын укуктук документтери иштелип чыккан, алардын баары системага салынбаган, бири-бирине каршы келген жана жетиштүү деңгээлде иштелип чыкпаган укуктук актыларга таянган. Укук коргоо органдары аркылуу коммунисттик партия коомдук-саясий турмуштун бардык чөйрөлөрүн башкарган жана өзүнүн директиваларын жүргүзгөн. Мындай шарттарда укук коргоо органдарынын аппаратынын ишин “максаттуулук” принцибинен ашып, укук ченемдерин кынтыксыз сактоо үстөмдүк кылган.

Сот системаларынын укуктук негиздери “революциялык укуктук аң-сезим” принцибинен чыккан, анда сот акыйкаттыгына жөнөтүүдө теориялык негиздер жана соттордун иши Совет бийлиги тарабынан аныкталып турган. Сот системасынын спецификасы эки жактуу болгон: бул укуктук институттарды орнотуу жана жок кылуу, социализмдин жеңишине жараша сот системасынын өзүн кереги жок кылган. Уюм, анын ишин укуктук жактан тариздөө ВЦИКтин, Кеңештердин декреттери, партиялык чечимдер, директивдүү көрсөтмөлөр аркылуу ишке ашырылат.

Ошол эле убакта соттордун начар иштөөсүнүн жана төмөн эффективдүүлүгүнүн негизги себептери аныкталды: канцелярдык иштердин жана соттордун ашыра жүктөлгөндүгүнүн натыйжасында аларды негизги функционалдык милдеттерин аткаруудан алагды; сот органдарынын профессионалдык жактан төмөн деңгээли; адистердин бат-бат алмашышы; кызматкерлердин санынын аз болушуна байланыштуу сот аткаруучуларынын ишинин натыйжасыздыгы, аткаруу аракеттери жүктөлгөн милиция органдарынын милицияга тиешеси жок маселелерди жүргүзүүгө байланыштуу иштердин көптүгү; жөнгө салуу механизминин жоктугу соттордун жеке максаттарда өз полномочиелерин колдонууга жол ачкан.

Укуктук илимде укук корго ишмердигинде сот системасынын орду жана ролу аныкталган эмес. Сот системасынын укук коргоо системасына киргизүү боюнча талаш-тартыштар басылбай келет. Белгилүү болгондой, бийликти бөлүштүрүү принциптеринен сот системасы укук коргоо органдарынын алкагында иштеген бийликтин өз алдынча бутагы катары аныкталган. Диссертант, укук коргоо системасын жана сот системасын бөлүүнү максатсыз деп эсептейт, же укук коргоо системасынын сот системасын менен болгон ортосундагы биримдик бузуларын айтат, анын үстүнө акыр аягында барып-барып эле бул органдардын укук коргоо ишмердиги сот органдарына таянат. Революциялык трибуналдардын болушу постреволюциялык кырдаалды пайда кылган, ошондуктан республиканы контрреволюциядан коргоо үчүн жаралгандар, революциялык трибуналдар катуу иштешкен. Террор системасы ар бир башкача ойлонгондорду жана Совет бийлигине каршы сүйлөгөндөрдү таап чыгып тазалашкан.

Изилдөө көрсөткөндөй, сот системасынын революциядан кийинки жылдардагыга спецификалуу түзүлүшү класстык мүнөзгө ээ болгон, ревтрибуналдардын ишмердиги укуктук акыйкаттуулуктун чегинен чыгып кеткен, ошону менен бирге маңызы боюнча өзгөчо мүнөзгө ээ, кеңири масштабдагы жазалоочу органга айланган. Андан ары ревтрибуналдар аскердик трибуналдардын функциясын да аткарышып, жалаң аскерлерден гана турган.

Прокуратура органдарынын себептери, шарттары жана функциялары аныкталган, алар мамлекеттик каралоонун, көзөмөлдүн жана соттук териштирүүлөрдүн түздөн-түз катышуучусу катары көп функциялуу институт катары чыккан, кийинчерээк репрессиялык-жазалоочу аппарат катары кызмат кылган. Прокуратураны өнүктүрүүдө анын ичинен аскердик прокуратура бөлүнүп алынган, анын иши өркүндөтүлгөн. Дал мына ошол каралып жаткан мезгилде прокуратурага тергөө органдары өткөрүлүп берилет, бул албетте, тергөө жана каралоо функцияларын бир органга берилиши туура эместигин көрсөтөт. Соттук бул кызматкерин көрсөтүү менен күтүлүүчү кесепеттери да тийген.

1924-жылы социалдык-саясий, уюштуруучулук, укуктук түзүмдөр аныкталып Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөндөн кийин, Кыргызстандын прокуратурасы түзүлгөн. Ошол мезгилде мамлекеттик аткаруу бийлигинин түзүмдүк бөлүгү катары прокуратура органынын “класстык модели” калыптанат. Прокуратура жөнүндө мыйзамдын негизи түптөлөт, эволюциялык процесстин негизинде ишмердүүлүгүн жана уюштурууну жакшыртууга жетишишет.

Колдоп туруу органдарынын ичинен жана репрессияны ишке ашырууда большевиктер партиясынын аппаратынын коштоочу жана аткаруучу функциясынан, бюрократиялык системасынан прокуратура органдары көзөмөлдөөчү жана жарандарды коргоочу органдарга айланат.

Укук коргоо системасын түзүү менен Совет мамлекетинин бүт ишмердиги дээрлик жаңы мыйзамдар базасын түзүүгө багытталып, ал ВЧКнын, ревтрибуналдардын жана башка укук коргоо органдарынын иши

жөнгө салынган жана алардын коомдун саясий-укуктук системасына болгон таасири мамлекеттин чындоодо бул органдардын ролун иликтөөгө мүмкүндүктөрдү берет.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Демократиялык саясий-укуктук режимди бекемдөөдө негизги милдет укук-коргоо органдарына жүктөлөт, алар укук-тартипти жана мыйзамдуулукту, адамдын укугун жана эркиндигин коргоо, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, кылмышка жана башка укук бузууларга каршы туруу милдеттерин аткарат. Ошол эле убакта жарандар өз укуктарын жана эркиндиктерин мыйзамдуу түрдө коргоо боюнча укугунан ажырабайт, ошондой эле мамлекеттик органдарына жүктөлгөн укуктардын аткарылышын талап кыла алышат.

Укуктук акыйкаттык, укук коргоо ишмердүүлүгүнүн функциясы катары, адамдардын жана жарандардын, мамлекеттик уюмдардын, кызмат адамдарынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашырууга түздөн-түз тиешеси бар. Анын милдеттерине башка бардык укук коргоо функциялары баш ийет. Укуктук илимде, укук коргоо ишмердүүлүгүндө соттук системанын орду жана ролу аныкталган эмес. Соттук органдарды, укук коргоо системасына киргизүүнүн тууралыгы жөнүндө талаш- тартыш болуп келет. Белгилүү болгондой, мамлекеттик бийликти бөлүү принцибине таянып, соттук система, бийликтин өз алдынча бутагы катары аныкталган, ал укук коргоо органдарынын алкагынан тышкары турат.

Диссертант, укук коргоо жана сот системасын бөлүүгө болбойт дейт, себеби, укук коргоо системасы менен соттук бийликтин биримдүүлүгүн жана байланышы бузулат, керек болсо, бул органдардын бардык укук коргоо ишмердүүлүгү акыры барып сот органдарына такалат.

Демократиялык режимди бекемдөөдө негизги орун адвокаттарга(жактоочу) жана адвокаттык коллегияларга таандык. Адвокатура укук коргоо органы эмес, дагы ойлор бар, себеби, адвокатура, адвокаттардын кесиптик конушу жана жарандык коомдук институту катары, мамлекеттик бийликтин органдарынын системасына кирбейт, ал өз ишмердүүлүгүн көз каранды эмес принцибинин негизинде алып барат. Ошого карабастан, адвокатуранын укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышын укук тартипти сактоого жардамын, инсандын укуктарын жана эркиндигин камсыздоодогу ишмердүүлүгүн эске алуу керек.

Интеграциялык процесстердин терендеши жана уюшулган кылмыштуулуктун өсүшү шарттарында, БУУнун мамлекет мүчөлөрүнүн, полиция компетенттик органдарын өз ара кызматташуусу өзгөчө мааниге ээ, анын координатору Интерпол болуп эсептелет.

Ушуга байланыштуу, улуттук эл аралык укук коргоо уюмдарын түзүү актуалдуу, алар кылмыш соттук өндүрүш, экономикалык мүнөздөгү кылмыштар, экстремизм жана терроризм, киши сатуу чөйрөсүндөгү

кылмыштарга каршы ар тараптуу келишимдерди, стандарттарды колдонууга негизделген.

Укук коргоо органдарынын өзара аракеттерин натыйжалуу механизмин түзүүгө негизделген, коррупцияга каршы чаралардын комплексин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу өтө маанилүү.

Укук коргоо көзөмөлүнүн мекеме аралык системасын, паспорттук-визалык, салыктык, бажылык жана чек ара көзөмөлдө технологияларын унификациялоо, бирдиктүү маалымат базасын түзүү.

Өз коопсуздугу менен байланыш болгон кызматтары укук коргоо системасынан чыгарып салуу жана мекеме үстүнөн кароо жана көзөмөлдөө боюнча башка жаңы укук коргоо түзүмдөрүн түзүү.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган макалалардын тизмеси:**


1. Ахматова, Н.И. К истории вопроса о деятельности чрезвычайных органов власти- революционных трибуналов. [Текст] / Н.И. Ахматова // Наука и новые технологии. - 2015. - №7. - С.50-54.
2. Ахматова, Н.И. Особенности правового режима деятельности чрезвычайных органов власти [Текст] / Н.И. Ахматова, А.Д. Адамбекова // Наука и новые технологии. - 2015. - №7. - С.57-61.
3. Ахматова, Н.И. Ретроспективный анализ формирования политико-правового режима деятельности государственных органов [Текст] / Н.И. Ахматова // Известия Вузов. - 2016. - №6. - С. 137-140.
4. Ахматова, Н.И. Основы укрепления политико-правового режима деятльности государственных органов Кыргызстана [Текст] / Н.И. Ахматова, А.Д. Адамбекова // Известия Вузов. - 2016. - №6. - С. 144-147.
5. Ахматова, Н.И. Роль органов милиции Кыргызстана в укреплении правового режима государства [Текст] / Н.И. Ахматова // Аллея науки. - 2018. - №2(18). - С.588-594.
6. Ахматова, Н.И. Роль органов госбезопасности в период укрепления кыргызской государственности [Текст] / Н.И. Ахматова //Аллея науки. - 2018. - №2(18). - С.612-618.
7. Ахматова, Н.И. Мыйзамдуулукту жана укук тартипти бекемдөөдөгү советтик сот органдарынын ролу [Текст] / Н.И. Ахматова // Вестник Академии МВД КР. - 2018. - №1. - С. 31-34.
8. Ахматова, Н.И. Кыргызстанда саясий-укуктук режимди түзүүдө прокуратуранын ролу [Текст] / Н.И. Ахматова // Вестник Академии МВД КР. - 2018. - №1. - С. 179-183.
9. Ахматова, Н.И. Совершенствование правовой базы как укрепление функционирования государственных органов. [Текст] / Н.И. Ахматова, З.У. Матисакова // Евразийское научное объединение. - 2021. - №6 (76). - С. 208-209. //https://esa-conference.ru/wp-content/uploads/2021/07/esa-june-2021-part3.pdf

10. Ахматова, Н.И. Правоохранительные органы и усиление правового режима государства [Текст] / Н.И. Ахматова, З.У. Матисакова // Евразийское научное объединение. - 2021. - №6 (76). - С. 210-211. //https://esa-conference.ru/wp-content/uploads/2021/07/esa-june-2021-part3.pdf

**«Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий – укуктук режим» темасында Ахматова Назира Искандарбековнанын 12.00.01- укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын изилдөөсүнүн**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** режим, саясий-укуктук режим, мамлекеттүүлүк, мамлекеттүүлүктү бекемдөө, бийлик, мамлекеттик бийлик, мамлекеттик бийликти бекемдөө.

**Изилдөөнүн диссертациялык объектиси** мамлекеттик бийлик органдарынын жана укук коргоо органдарынын өз ара мамилеси, диалектикалык өз ара байланышынын мүнөзүн жана түшүнүгүн аныктоого багытталган мамлекеттин саясий укугун изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети** Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин саясий-укуктук режими жана анын калыптануусунун жана бекемделүүсүнүн социалдык шарттары түзөт, тактап айтканда, саясий-укуктук директивдер жана актылараркылуу соттор, прокуратуралар, өзгөчө кырдаалдагы органдар, ошондой эле, мамлекеттик бийликтик органдар менен укуктук өз ара аракеттенүүнүн механизминин ишмердүүлүгү.

**Изилдөөнүн максаты** катары Кыргызстанда мамлекеттик бийликти бекемдөө учурундагы саясий-укуктук режимди толугу менен үйрөнүп чыгуу эсептелинет.

**Изилдөөнүн методдорун** тарыхый, системалуу, түзүмдүү-функционалдык, салыштырмалуу, конкреттүү-социологиялык, статистикалык жана башкалар түзөт. Булардын ар бирөөсүн колдонуу диссертацияны белгилөөдө изилденип жаткан маселенин мазмуну жана мүнөзү, ошондой эле коомдун өнүгүүсүнө таасирин тийгизген объективдүү мыйзамдар, башкача айтканда диалектиканын юридика илиминин методу үчүн жалпы позицияда колдонуусу шартталган.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы.** Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы бул көйгөйдү изилдөө боюнча теоретикалык мүнөздөгү биринчи изилдөөлөрдөн болгондугу менен аныкталып, мамлекеттик аппараттын, анын ичинде укук коргоо органдарынын, ишмердүүлүгүнүн саясий-укуктук режиминин бекитилүүсүнүн укуктук негиздерин өнүктүрүү жана жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамалар жана тыянактар иштелип чыккандыгында.

**Диссертациялык иштин материалдарын колдонуу даражасы.** Бул тема боюнча иштелип чыккан сунуштар жана корутундулар укуккоргоо органдарынын иштерин жакшыртууда; келечекте мамлекеттик-укуктук режимдин маселелерин изилдөөдө; сабактарды жана илимий иш чараларды өткөргөн, окуу китептерин даярдаган юридикалык профилдеги жогорку окуу жайларда пайдалуу болуусу мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү** – юриспруденция; мамлекеттин жана укуктун тарыхы жана теориясы, укук коргоо органдарынын практикалык ишмердүүлүгү.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Ахматовой Назиры Искандарбековны на тему: «Политико-правовой режим в период укрепления государственной власти в Кыргызстане» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности: 12.00.01 – теория и история права и государства, история учений о праве и государстве**

**Ключевые слова**: режим, политико-правовой режим, государственность, укрепление государственности, власть, государственная власть, укрепление государственной власти.

**Объектом диссертационного исследования** являются взаимоотношения органов государственной власти и правоохранительных органов, исследование правовой политики государства, направленная на выявление, характеристику и осмысление их диалектических взаимосвязей.

**Предмет исследования** составляют политико-правовой режим и социальные условия становления и укрепления государственной власти в Кыргызстане, в частности, судов, прокуратуры, чрезвычайных органов через политико-правовые директивы и акты, а также деятельность механизма правового взаимодействия с органами государственной власти.

**Целью исследования** является комплексное изучение политико-правового режима в период укрепления государственной власти в Кыргызстане.

**Методы исследования**: исторический, системный, структурно-функциональный, сравнительный, конкретно-социологический, статистический и другие. Применение каждого из них обусловлено содержанием и характером исследовательских задач, раскрываемых в диссертации, а также, влиянием объективных законов общественного развития, то есть применением позиций общего для юридической науки метода диалектики.

**Полученные результаты и их новизна.** Научная новизна диссертационной работы заключается в том, что она является одной из первых исследований теоретического характера по изучению данной проблемы, где определены практические рекомендации и выводы по развитию и совершенствованию правовых основ укрепления политико-правового режима деятельности госаппарата, в том числе правоохранительных органов.

**Степень использования материалов диссертационной работы.** Выработанные предложения и выводы по данной теме могут быть полезны: при совершенствовании работы правоохранительных органов; в дальнейшем в исследованиях проблем государственно-правового режима; в вузах юридического профиля при проведении занятий и научных мероприятий, подготовке учебных пособий.

**Область применения** – юриспруденция; теория и история государства и права; практическая деятельность правоохранительных органов.

## SUMMARY

**on the dissertation research of Akhmatova Nazira Iskandarbekovna on the topic: "Political and legal regime during the consolidation of state power in Kyrgyzstan" for the degree of candidate of legal sciences in the specialty: 12.00.01-theory and history of law and state, history of studies on law and the state**

**Keywords:** regime, political-legal regime, statehood, strengthening of the state, power, state power, strengthening of the state power.

**The object of the dissertation research** is the relationship of state authorities and law enforcement agencies, the study of the legal policy of the state, aimed at identifying, characterizing and understanding their dialectical interrelationships.

**The subject of research** is the political and legal regime and social conditions for the formation and strengthening of states power in Kyrgyzstan, in particular, courts, prosecutors, emergency bodies through political and legal directives and acts, as well as the activity of the mechanism of legal interaction with public authorities.

**The aim of the study is** a comprehensive study of the political and legal regime during the consolidation of state power in Kyrgyzstan.

**Research methods:** historical, systemic, structural-functional, comparative, concrete-sociological, statistical, and others. The use of each of them is due to the content and nature of research tasks disclosed in the thesis, as well as the influence of the objective laws of social development those the use of positions common to the legal science of the method of dialectics.

**The scientific novelty of the thesis is that** it is one of the first theoretical studies on this problem, which identifies practical recommendations and conclusions on the development and improvement of the legal basis for strengthening the political and legal regime of the state apparatus, including law enforcement.

**The degree of use of materials thesis.** Developed proposals and conclusions on this topic may be useful: to improve the work of law enforcement agencies; further studies of the state-legal regime; in higher education institutions of law in the conduct of classes and scientific events, the preparation of textbooks.

**Area of application** — jurisprudence; theory and history of state and law; practical activities of law enforcement.

Формат 60х90 1/16
Офсеттик басма. Көлөмү 1,5 б.т.
Тиражы 100 даана.